## МААЛЫМАТ

*2021-жылдын 12-ноябрь күнү Базар-Коргон РИИБнүн МЭЖна 02-066-2021-001061 саны менен катталган материал боюнча*

2021-жылдын 12-ноябрь күнү Базар-Коргон райондук ИИБнө, 2021-жылдын 28-ноябрь күнү боло турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого Жогорку Кеңештин депутаттыгына “Альянс” саясий партиясынан талапкер болуп катталган Нишанов Сайдулла шайлоочулардын добушун сатып алуу максатын көздөп Базар-Коргон районунун Арстанбап айылындагы жолго шагыл төгүп жолду оңдоо иштерин алып барып жатканы жөнүндө (КГОР ЦИК КР) Кыргыз Республикасынын БШКнын тез чара көрүү кординациялык тобунан билдирүү келип түшкөн.

Аталган факт 2021-жылдын 12-ноябрында саат 17:30да Базар-Коргон райондук ИИБнүн МЭЖна 02-066-2021-001061 саны менен катталган.

Жогоруда катталган факты боюнча материал чогултуу үчүн Базар-Коргон РИИБнүн документтештирүү тобу төмөндөгү курамда: Базар-Коргон РИИБнүн начальнигинин сотко чейинки өндүрүш иштери боюнча орун басары милициянын подполковниги Д.Муидузов, документтештирүү тобунун жетекчиси Э.Аскаров, тергоочу Э.Эрменов УУМ И.Сатаров, ЭММКАКнын кызматкерлери С.Токтобаев, С.Нарынбаев жана эксперт-криминалист С.Даминовтор окуя болгон жерге чыгышып, окуя болгон жерге кароо жүргүзүп, окуя болгон жердин схемасы, фото таблицалары түзүлгөн.

Текшерүүдө Арсланбап айыл өкмөтүнүн башчысы И.Чолпонов жана Арсланбап айылынын Султан-Булак көчөсүнүн көчө камитети А.Нурбабаев жана Султан-Булак көчөсүнүн 30 дан ашуун тургундары өздөрүнүн түшүнүк каттарында – Султан-Булак көчөсү кыш мезгилинде жол тайгак жана баткак болгондуктан анын алдын алуу үчүн 2021-жылдын март айында Султан-Булак көчөсүнө шагыл төшөө боюнча демилге көтөрүп элдик жыйын кылган. Аталган жыйындын негизинде 2021-жылдын 25-октябрында А.Нурбабаев көчөнүн тургундары тарабынан 1000 сомдон 5000 сомго чейин акча каражатын жыйнай баштаган. Көчөнүн тургундары тарабынан жыйналган жалпы 255050 сом акча каражатына 2021-жылдын 05-ноябрында Султан-Булак көчөсүнүн узундугу 2400 метр болгон жолго, 117 жүк ташуучу автоуна менен шагыл төгүшүп, жол сүрүүчү оор техника менен төгүлгөн шагылдар тегизделип, 12-ноябрында толугу менен бүткөрүлгөнүн, ошондой эле айдоочуларга жана күйүүчү майга кеткен чыгымдар Султан-Булак көчөсүнүн тургундары тарабынан жыйналган акча каражаттан сарпталганын көрсөтүшкөн.

Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-бер. “Шайлоочуларды сатып алуу” шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды төлөп берүү, же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга оболго түзүү жолу менен шайлоочуларды сатып алуу”-деп көрсөтүлгөн.

02-066-2021-001061 саны менен катталган материалды текшерүүнүн жүрүшүндө Арстанбап айылынын Султан-Булак көчөсүнө шагыл төгүп жолду оңдоо иш чарасына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына “Альянс” саясий партиясынан талапкер болуп каталган Нышанов Сайдулла Канболотович жана башка саясий партиялар тарабынан Султан-Булак көчөсүнө төгүлгөн шагыл же техникалардын күйүүчү майына же башка материалдык жардам көрсөтүлбөгөндүгүн көрсөтүшкөн.

Андыктан, 2021-жылдын 12-ноябрында Базар-Коргон райондук ИИБнүн МЭЖна 02-066-2021-001061 саны менен катталган окуяда курамында кылмыштын, жоруктун же бузууларды белгилери болбогондуктан, топтолгон материалды Кыргыз

Республикасынын КЖБРнын жобосунун 2-гл. 14-п. ылайык кароосуз калтырып, Базар-Коргон РИИБнүн иөөмөт бөлүмүнүн номенкулатордук делого 066-2021-000018 саны менен катталган.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодекстин 45-бер. "Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу, Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-наамысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу"-деп көрсөтүлгөн.

Ошондуктан, Базар-Коргон районунун Арстанбап айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты Мамадалиев Мураджан Абамирзаевичке карата Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодекстин 45-бер. көрсөтүгөн талаптарына ылайык чара көрүү үчүн жиберилген.

2021-жылдын 19-ноябрында Базар-Коргон АШКсынын отурумунда М.Мамадалиевтин үстүнөн материал каралып, АШКнын чечими менен эскертүү берилген.

**Базар-Коргон райондук ИИБнүн**
**Тергөө кызматынын начальниги**
**милициянын майору** **Э.Аскаров**